И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы Д 13.20.623 диссертациялык кеңешинин мүчөсү, педагогика илимдеринин доктору, профессор Рысбаев Сулайман Казыбаевичтин изденүүчү Маатазимова Гүлзат Эрмаматовнанын "Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасы (3-4-класс)" аттуу темадагы адистиги 13.00.02-окутуу менен тарбиялоонун теориясы жана методикасы (кыргыз адабияты) шифрына ылайык жазылган диссертациялык иши тууралуу

## РАСМИЙ ОППОНЕНТТИК ПИКИРИ

**Илимий жетекчиси**-Ишекеев Назаркул Ишекеевич, педагогика илимдеринин доктору, профессор, КР УИАнын корреспондент-мүчөсү.

**1. Изилдөөнүн темасынын адистикке дал келиши**

Маатазимова Гүлзат Эрмаматовнанын "Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасы (3-4-класс)" аттуу темадагы адистиги 13.00.02-окутуу менен тарбиялоонун теориясы жана методикасы (кыргыз адабияты) шифрына ылайык жазылган диссертациялык иши Д 13.20.623 диссертациялык кеңешинин адистигине туура келет.

**2. Изилдөөнүн актуалдуулугу**

Аталган изилдөө бүгүнкү күндө мектепте кыргыз адабиятын окуп-үйрөнүү методикасы илими үчүн актуалдуу, себеби:

- азыркы кезде жаш муундарды жетилген инсан катары калыптандырууда элдик педагогиканын салттары аркылуу тарбиялоого болгон талаптын осүшү жогору болсо да, аны ишке ашыруунун илимий-методикалык негиздеринин практикага толук киргизилбей жаткандыгы;

-кыргыз жазуучуларынын балдар үчүн чыгармаларынын бай мазмуну жана идеясы адабияттаануу багытында изилденсе да, аларды азыркы мектеп окуучуларынын билимин, тарбиясын жогорулатууга толук тарта албай жаткандыгыбыз;

- башталгыч класстарда балдар адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу боюнча мугалимдердин бир топ тажрыйбалары топтолсо да, алардын илимий багытта жыйынтыкталбагандыгы, буларга илимий баа берилбегендиги.

- аталган багыттагы заманбап технологиялардын иштелип чыкпагандыгы изилдөөнүн актуалдуу экендигин далилдейт.

КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 94 15 11 2021

**3. Изилдөөнүн илимий жыйынтыктары:**

Изилдөөдө педагогика илими үчүн маанилүү төмөндөгүдөй корутундулар алынган:

**1-жыйынтык:** Изилдөөдө кыргыз балдар жазуучуларынын чыгармаларынын этнопедагогикалык мазмуну, таалим-тарбиялык функциялары жана алардын азыркы ааламдашуу доорундагы маани-маңызы аныкталган. Анда, биринчиден, өткөн кылымдын 20-30-жылдарынан тартып кыргыз жазуучуларынын элдик жомокторго кайрылуусу, экинчиден, өздөрүнүн профессионалдык жазуучулук жолун табууга бет алгандыгы, апгачкы аңгеме-жомомоктору, кыргыз балдарына ата-бабалардын руханий мурастары менен тааныштыргандыгы, үчүнчүдөн, жаңы доордун балдарына элдик руханий маданияттын идеяларын чыгармалары аркылуу жеткирүү ишке аша баштаган. Ошого таянуу менен, жазуучулардын балдар үчүн жазган чыгармаларынын фольклорго жакындыгы, маңызында: патриоттук – адеп-ахлактык, экологиялык – адеп-ахлактык, эмгекти сүйүү – адеп-ахлактык, демократиялык – укуктук, экологиялык – эмгекти сүйүүчүлүк, патриоттук – экологиялык, дене тарбиялык – патриоттук, адеп-ахлактык – дене тарбиялык ж.б. маани-маңызы жаткандыгын ачып берген.

**2-жыйынтык**: 3-4 -класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын окуп-үйрөнүүнүн тарыхына жана анын изилденишине кенен обзор берилген.Бул багытта: К.Тыныстановдун, А.Токомбаевдин, К.Баялиновдун, К.Жөнтөшовдин, С.Сасыкбаевдин, К.Эсенкожоевдун, Т.Сыдыкбековдун, К. Жантөшовдун, Ш.Бейшеналиевдин, А.Осмоновдун, Т.Касымбековдун, Д.Сулаймановдун ж.б. балдар үчүн жазган чыгармалары жыш окулгандыгын жана да учурда окулуп жаткандыгын, алардын таалим-тарбиялык баа-баркын кенен чечмелеген. Экспериментте да ушул чыгармаларды окуп-үйрөнүүнүн жыйынтыктары, андагы этнопедагогикалык тарбиянын түрлөрү, багыттары камтылган.

**3-жыйынтык**: аталган класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасы изилдөөгө алынган, анын методологиялык негиздери жана методдору аныкталган. Мында бир канча окумуштуу-пеагогдордун, психологдордун, философтордун эмгектериндеги айтылган идеяларга таянуу менен, коюлган маселени чечүүгө аракет жасалган. Натыйжада, Элькониндин, Рубинштейндин балдар психологиясын, анын ичинде, кенже мектеп жашындагы окуучулардын психикалык өзгөчөлүктөрүн, көркөм адабиятты кабылдоо маданиятын изилдеген Д.Б.Эльконин эмгектерин эгектерин колдонуу менен, балдар адабиятын окутуунун методдорун аныктаган. Анын

ичинен, байкоо, талдоо, синтездөө, изилдеп үйрөнүү, ж.б. уюштуруу методдорун аныктаган жана ошол методдорго таянып иш жүргүзгөн.

Мисалы, **байкоо методу аркылуу** балдар жазуучуларынын чыгармаларын мугалимдер кандай окутуп жаткандыгы, аларды балдар кантип өздөштүрүп жатканы анализденген;

**-тажрыйбаларды талдоо жана жыйынтыктоо, аларды иште колдонуу методу менен** мектеп мугалимдеринин жана окуучулардын тажрыйбаларын топтоо, талдоо жана аларды илимий багытта иштеп чыгуу милдети аткарылган;

**-илимий булактарды үйрөнүү методу менен** архивдик маалыматтар менен иштөөдө, нормативдик материалдар менен таанышууда жана аларды иште пайдаланууда өзгөчө мааниге ээ экендиги белгиленген;

**-башталгыч класс окуучуларынын чыгармачылыгын үйрөнүү методу аркылуу** тажрыйба үчүн тандоого алынган мектептерден жана байкоо класстарынан окуучулардын чыгармачылыгы изилдөөгө алынган жана балдарга ангеме, ыр, жомок, дилбаян, эссе жаздырып, жыйынтыгын берген.

**4-жыйынтык**: Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын окуп-үйрөнүүнүн формалары жана методдору, алардан улам ээ болгон компетенциялар такталган, аларды эксперименттен өткөргөн.

Бул учурда, «мугалимдердин этномаданий компетенттүүлүгүн калыптандыруу дегенде, эң оболу, бул маселедеги эки нерсени – «этномаданий» жана «компетенттүүлүк» түшүнүктөрүн ачык тактаган жана «этномаданият» түшүнүгүнө кеңири токтолгон. «Этномаданий компетенттүүлүк» – бул тарыхый эс-тутуму, инсандык нарк-нускасы жетик, өз улутунун рухий дөөлөттөрүнө сыйчыл мамилеси, аны өздөштүрүү дымагы жогору, озүн өткөн менен келечекти туташтырып туруучу көпүрө катары даярдоого карата сезим-туйгулары, жүрүм-туруму менен айырмаланган окуучунун инсандык сапаттарынын көрсөткүчтөрү боло тургандыгы аныкталган. Бул идеялар жогоруда аталган балдар жазуучуларынын чыгармаларынын идеялык мааниси аркылуу түшүндүрүлгөн.

Этномаданий көмпетенттүүлүктөрдүн компоненттери катары булар алынган.

1) «Когнитивдик (таанымдык) компонент окуучулардын этномаданий идеяларга жана идеалдарга негизделген түшүнүктөрүнүн, билимдеринин өнүгүш деңгээлин мүнөздөй тургандыгын мисалдар менен берген;

*2).Көз караштык-дөөлөттүк компонент.* Көз караштык-дөөлөттүк компонент окуучулардын этномаданий дөөлөттөргө карата көз караштарын, ишенимдерин, ынанымдарын мүнөздөй тургандыгын белгиленген;

3). *Жүрүм-турумдук компонент.* Мында руханий-ыймандык жана маданий-жүрүм-турум, иш-аракет маселелери, улуттук дөөлөттөргө жасаган мамиле каралган.

Ушундай жыйынтыктарына карап, аталган диссертациялык иште алгылыктуу илимий жаңылыктар, жаңы идеялар айтылган деп эсептөөгө болот.

**4. Диссертациядагы алынган натыйжалардын негизделишин жана ишенимдүүлүгүн булар далилдейт**:

**1-жыйынтык:** адегенде, элдик тарбия - улуулардын тарбиясы экендиги белгиленип, аталардын сөзү, накыл кептер, макал-лакаптар, алардагы таалим-тарбия ойлору талданган жана андан ары балдар чыгармаларынын маани-маңызы чечмеленгендиги;

**2-жыйынтык:** маанилүү тарыхый булактарга таянган, атап айтканда: 1933-жылы 9-сентябрда ВКП (б) БК «Детская литература» басмасын уюштуруу жөнүндө» деген токтом чыгып, анда келечек ээлери болгон балдарды туура тарбиялоо проблемасына озгөчө коңул бурулгандыгы сөз болгон. Ушул окуядан соң, адегенде, Кыргыз АССРинде, кийин 1936-жылдан тартып Кыргыз ССРинде балдар жазуучуларынын чыгармаларын чыгарууга, жайылтууга чон маани бериле баштагандыгы архибдик далилдер менен кенен айтылган.

**3-жыйынтык:** А.Токомбаевдин «Билим фантазиясын түзүү үчүн», Ж.Бөконбаев «Балдар үчүн кандай адабият керек, алар үчүн чыккан китептер кандай болууга тийиш?», Т.Үмөталиев «Убададан – ишке», К.Сооронбаев «Толук балдар адабияты үчүн», К.Эсенкожоев «Жакшы китептер керек» деген темаларда макала жазып, кеңешмелерде сөз сүйлөгөндүгү айтылуу менен, балдар жазуучуларынын чыгармаларынын маани-маңызы орундуу экендиги далилдүү сөз болгон.

**4-жыйынтык:** Илимде методологиянын иерархиясы бар экендиги айтылуу менен, изилдөөсүнүн методологиясын, методдорун аныктоодо илимдин структурасында төрт деңгээл бөлүнүп көрсөтүлүп, анын: философиялык, жалпы илимий, конкреттүү-илимий жана технологиялык компоненттери белгиленген жана ошолорго таянып иш жүргүзүлгөндүгү сөз айтылган.

**5. Диссертациялык иштеги илимий жыйынтыктардын жаңылыгынын деңгээли:**

**1-жыйынтык: жарым-жартылай жаңы,** Кыргыз балдар жазуучуларынын чыгармаларынын этнопедагогикалык мазмуну, таалим-тарбиялык функциялары жана алардын азыркы ааламдашуу доорундагы маани-манызы аныкталгандыгы;

**2-жыйынтык: жаңы**: : 3-4 -класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын окуп-үйрөнүүнүн тарыхына жана анын изилденишине кенен обзор берилген.

**-3-жыйынтык: жаңы,** класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасы изилдөөгө алынган, анын методологиялык негиздери жана методдору аныкталган.;

**4-жыйынтык: жарым-жартылай жаңы**: «мугалимдердин этномаданий компетенттүүлүгүн калыптандыруу идеялары.

**6. Алынган жыйынтыктардын ички биримдиги:**

Изилдөөдөгү алынган жыйынтыктар ички биримдикке, уланмалуулук мүнөзгө, логикалык ырааттуулукка, маанилик байланыштуулукка ээ.

**7. Алынган жыйынтыктарды тиешелүү проблемага, теориялык же колдонмо маселеге багытталышын баалоо:**

Диссертанттын илимий - изилдөөсүндө башталгыч мектептин 3-4-класстарында кыргыздын балдар адабиятынын үлгүлөрүн этнопедагогикалык негизде окуп-үйрөнүүнүн теориялык-методикалык маселелери чечилген жана анын методикасы иштелип чыккан. Бул корутундулар - тармак үчүн маанилүү.

**8. Диссертация негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын, бүтүмдөрүнүн жетиштүү санда жарык көрүшү:**

-изилдөөнүн натыйжалары Диссертация боюнча 10 макала КР УАК талап кылган журналдарда басылган.. Алардын ичинен 1 макала чет өлкөдөн, калгандары Эл аралык илимий-практикалык конференциялардын материалдарында опрабацияланган.

**9. Автореферраттын мазмуну диссертация менен дал келиши:**

Авторефераттын мазмуну диссертациянын мазмуну менен толук мазмундаш жана жобөлору, максат-милдеттери, тыянактары, сунуштары бири-бирине толук дал келет.

**10. Диссерациянын мазмунунда жана жасалгаланышында кеткен айрым мүчүлүштүктөр:**

1). Изилдөөнүн аппаратын аныктоодогу милдеттер менен изилдөөнүн айрым тыянактарында дал келбестиктер бар, атап айтканда, изилдөөнүн милдеттеринде балдар чыгармаларын окутууда мугалимдер менен окуучуларга коюлуучу компетенттүүлүктөр көрсөтүлгөн эмес, а диссертациянын мазмунунда жана тыянактарында компетенттүүлүктөргө айрыкча баса көрсөтүлүп маани берилген; демек, изилдөөнүн милдеттери менен тыянактарын тактоо керектиги байкалат;

2). Изилдөөдө окуучулардын ишмердигин уюштуруу жолдору, ыкмалары, иштин түрлөрү так, жеткиликтүү көрсөтүлгөн, бирок алардан алынган натыйжаларды жана жетишилген компетенттүүлүктөрдү баалоонун критерийлери унутта калган, кандай бааланганы тууралуу маалымат жок. Бул тууралуу эксперттик пикиримде да айтылган, бирок ал аткарылган эмес.

Ошентсе да, эксперттик пикирде айтылган бир катар эскертүүлөр аткарылган, мисалы, компетенттүүлүктөрдүн багыттары, көркөм окуунун мелодикасы тууралуу маселелер ж.б. такталган жана жетишерлик мүнөздөлгөн.

Бирок жогоруда айтылган сын пикирлер диссертациянын негизги жоболору менен тыянактарына терс таасирин бербейт. Иш сабаттуу жана озүно тиешелүү талаптарга жооп берген, өз алдынча бүткөрүлгөн изилдөо катары бааланат.

**11. КР ЖАКтын “Окумуштуулук даражалдарды ыйгаруу тартиби жөнүндөгү Жобосунун талаптарына диссертациянын дал келиши.**

Жогоруда айтылган алгылыктуу жагдайларды эске алуу менен, изденүүчү Маатазимова Гүлзат Эрмаматовнанын “Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасы (3-4-класс)” аттуу деген темадагы адистиги 13.00.02-окутуу менен тарбиялоонун теориясы жана методикасы (кыргыз адабияты) шифрына ылайык диссертациялык иши КР ЖАКтын “Окумуштуулук даражалдарды ыйгаруу тартиби жөнүндөгү Жобосунун талаптарына толук дал келет, ал эми автору Маатазимова Гүлзат Эрмаматовнаны педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга жана ыйгарууга толук татыктуу деп эсептөөгө болот.

**Расмий оппонент:** [signature] **Рысбаев С.К., п.и.д., профессор**

“Профессор С.К.Рысбаевдин колун тастыктайм”:
КББАнын кадр бөлүмүнүн башчысы: [signature]